
# Туура эмес жооп




Автор: Жибек Абдыраманова

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Которгон: Талгат Деркембаев

# Туура эмес жооп

Автор: Жибек Абдыраманова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон:Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Туура эмес жооп" (кыргыз тилинде), автор Жибек Абдыраманова, сүрөтчү Адель Дуйшеева, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom


9,5




– Ким мага Ысык-Көлдүн тереңдиги канча экенин айтып берет? –деп сурады эже.

“702 метр!” – деп ойлодум. Бирок кол көтөрүп, жооп берүүгө даабадым.

Бардыгы унчукпай отурушат.

– Макул, балдар, анда Кыргызстандагы эң бийик чоку кайсы экенин айткылачы, – деди Вера Семеновна.

Мунун да жообун билчүмүн. Анын бийиктиги деңиз деңгээлинен 7439 метр бийик. Бирок оозума талкан сугунуп алгансып унчукпайм.




Көп суроонун жообун билгеним менен, кол көтөрүп жооп бербейм.

Менин парталаш коңшум Шохрух колун көтөрүп:

– Кыргызстандагы эң бийик чоку – Ленин чокусу, – деди.

– Азаматсың, Шохрух! Бул Кыргызстандагы бийиктиги боюнча экинчи орунда турган чоку. Эң бийик чоку — Жеңиш чокусу.


– Макул, балдар! Кана, айткылачы, Кыргызстанда калк эң жыш жайгашкан аймак кайсы ? – деди Вера Семёновна сөзүн улантып. “Бул деле оңой эле. Бишкекте аябай көп адамдар жашашат.


Демек, калк өтө тыгыз жайгашкан аймак Чүй облусу” деп ойлондум. Акыры эркимди жыйнап, жооп берейин дедим.

– Чүй облусу, – дедим колумду көтөрүп.  – Азамат, Салтанат. Бирок Кыргызстандагы калк эң жыш жашаган аймак Чүй эмес, Ош облусу. Ош шаарында жана Ош облусунда 1 миллион 600 миң адам жашайт, — деди Вера Семёновна жылмайып. “Каап, менин жообум туура эмес болуп калды. Баары мени акылсыз деп ойлоп калышат го”– деп көзүм жашка толду.

Вера Семёновна менин аябай капа болгонумду байкап, сабактан кийин калуумду суранды. Мен ого бетер тынчым кетип,: “Эми мени сабакка жакшы даярданбайсың деп урушабы” деп ойлодум.

– Вера Семёновна, бул жолу жаңылып калдым. Мурдагы суроолорго туура жоопторум бар болчу. Чын эле айтып жатам! Мисалы, Ысык-Көлдүн тереңдиги 702 метр. Ушул жолу эле туура эмес жооп берип койдум, – деп эжейиме актанып жаттым.
– Кийинки жолу жооп бергенден коркпо. Ката кетирүү андай деле коркунучтуу эмес.





– Кыргызстандагы эң узун дарыя кайсы? – деп сурады Вера Семёновна кийинки сабакта.

– Бул Нарын дарыясы, – деп тайманбай жооп бердим.

– Эң сонун, Салтанат! Туура, Кыргызстандагы эң узун дарыя – Нарын дарыясы. Анын узундугу 897 миң километр.

“Мен эми туура эмес жооптордон коркпойм. Эми алар менден коркушсун!”– деп ойлондум.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Жибек Абдыраманова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |